| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 18-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “29”июну №18-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Алмалык участкасындагы 2500 чарчы метр жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жана мамлекеттик АКТ алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамдарын 6-беренесин жана “Жер кодексинин” 4-12-19-25-беренелерин жетекчиликке алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Алмалык участкасындагы бош жаткан, жайытка жараксыз №313 контурда жайгашкан жалпы аянты 2500,0 чарчы метр жер телкесин Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн балансына муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.
2. Аталган 2500,0 чарчы метр жерге "Кыргызмамжердолбоорлоо" мамлекеттик ишканасынан мамлекеттик АКТ алуу үчүн Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Джураевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**18-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “29”июну №18-2** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Тепе-Коргон айылынын борборунда жайгашкан “Жаамий”мечитине 1155,0 чарчы метр жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жана мамлекеттик АКТ алуу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Тепе-Коргон айылында жайгашкан, "Жаамий мечитинин жалпы аянты 1155,0 чарчы метр жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жана мамлекеттик АКТ алуу боюнча айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Джураевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамдарын 6-беренеси, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” № 123 мыйзамынын 34-беренесине, “Жер кодексинин” 4-12-19-25-беренелерин жетекчиликке алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Тепе-Коргон айылынын борборунда жайгашкан “Жаамий” мечитине 1155,0 чарчы метр жер тилкесин ичинен жаран Худайназаров Абдулхаким Абдиназарович тарабынан өз ыктыяры менен 109,69 м² жер тилкесин “Тартуулоо келишими” негизинде мечитке берилген жерди муниципалдык менчикке алуу жана мамлекеттик АКТ алуууга макулдук берилсин.

2. Аталган 1155,0 чарчы метр жерге "Кыргызмамжердолбоорлоо" мамлекеттик ишканасынан мамлекеттик АКТ алуу үчүн Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Джураевге милдеттендирилсин.

3.Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 18-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “29”июну №18-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Жаны-Абад айылындагы ФАПтын проектин жасатуу үчүн акча каражаты ажыратуу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Жаңы-Абад айылындагы ФАПтын проект долбооруна кошумча акча каражат ажыратып берүүнү угуп жана талкуулап депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 34-беренесине “Жер кодексинин” 4-12-19-25-беренелерин жетекчиликке алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын Жаны-Абад айылындагы ФАП начар абалда болгондуктан жана элдердин ден-соолугунун чыңдоо максатында жаңы заманбап долбоор даярдоо сунушталсын.

2. Жогорудагы Жаны-Абад айылындагы ФАП тын жаңы долбоорун жасоо үчүн жергиликтүү бюджет эсебинен 350 000 (үч жүз элүү миң) сом акча каражаты өткөрүп, мыйзам чегинде ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловго милдеттендирилсин.

3. Бул тескемени аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**18-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “29”июну №18-4** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Тепе-Коргон айылындагы М.Умаров чайканасынын 950,0 чарчы метр жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жана мамлекеттик акт алууга макулдук берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүров билдирүүсү боюнча Тепе-Коргон айылындагы М.Умаров чайканасынын 950,0 чарчы метр жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жана мамлекеттик АКТ алууну сунуштап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамдарын 6-беренеси, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 34-беренесине “Жер кодексинин” 4-12-19-25-беренелерин жетекчиликке алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Тепе-Коргон айылындагы М.Умаров чайканасынын 950,0 чарчы метр жер тилкесин Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн балансына муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.
2. Аталган 950,0 чарчы метр жерге "Кыргызмамжердолбоорлоо" мамлекеттик ишканасынан мамлекеттик АКТ алуу үчүн Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Джураевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 18-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын "29"июну №18-5** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Кичи Алай участкасындагы 2,53 га жер тилкесин кичи ГЭС куруу үчүн макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамдарын 6-беренеси, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" № 123 мыйзамынын 34-беренесине "Жер кодексинин" 4-12-19-25-беренелерин жетекчиликке алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Кичи Алай участкасындагы 2,53 га жер тилкесине кичи ГЭС курууга макулдук берилсин.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Кичи Алай участкасында жайгашкан 2,53 га жер тилкесине кичи ГЭС куруу боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**18-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “29”июну №18-6** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн “Дөбө-Коргон Тазалык ” муниципалдык ишканасынын атайын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу максатында экскаватор жана таштанды ташуучу автоунааларды лизинг аркылуу сатып алуу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн “Дөбө-Коргон Тазалык” муниципалдык ишканасын жетекчиси М.Касимовдун билдирүүсүндө атайын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу максатында экскаватор жана таштанды ташуучу автоунааларды лизинг аркылуу сатып алууну сунуштаган, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” № 123 мыйзамынын 34-беренесине жана “Бюджеттик кодексине” ылайык, депутаттар карап чыгып жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу “Дөбө-Коргон Тазалык” муниципалдык ишканасына атайын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу максатында экскаватор жана таштанды ташуучу автоунааларды лизинг аркылуу сатып алуу үчүн керектелүүчү каражаты Ош облустук өнүктүрүү фонду боюнча комиссиясынан суралсын.

2. “Дөбө-Коргон Тазалык” муниципалдык ишканасына атайын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу максатында экскаватор жана таштанды ташуучу автоунааларды лизинг аркылуу сатып алууга Ош облустук өнүктүрүү фондунун алкагында айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен эсебинен 2 000 000 (эки миллион) сом айыл өкмөтүнүн салымы катары макулдук берилсин.

3.Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**18-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**29.06. 2026 № 18-7** **Кайрагач-Арык айылы**

**Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо боюнча Дөбо-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун билдирүүсүн кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 токтому боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдүн билдирүүсүн жана айыл тургундарынын сунуштарын угуп, сессияга катышкан депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдарындагы (айыл жергесинде) көрүстөндөрдүн жер аянттары абдан кеңири жана алардын ээлеген аймагы чоң көлөмдү түзгөндүгүнө байланыштуу көмүү жайларын брондоого муктаждык жок экендиги белгиленсин.
2. Айыл аймагындагы көрүстөндөрдү эсепке алуу жана толугу менен муниципалдык менчикке кабыл алуу жагы айыл тургундары жана маркумдун тууган уруктары тарабынан акысыз жүргүзүлүшү билдирилсин.
3. Айыл аймагындагы көрүстөндөрдү эсепке алуу жана толугу менен муниципалдык менчикке кабыл алуу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
4. Айыл аймагындагы көрүстөндөрдү санитардык-гигиеналык талаптарын сакталышын көзөмөлдөө жана айланасын тосуу жагы тапшырылсын.
5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн

**Төрага** **А.Сатвалдиев**